«МАКУЛДАШЫЛГАН»
Аккредитациялык Кеңештин
төрагасы Сарбанов С.Т.
Протокол № 9
04.07.2024-ж.

«БЕКИТЕМИН»
Директор Кошоева Б.Б.
Буйрук №2/008
04.07.2024-ж.

# БАШТАЛГЫЧ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО ҮЧҮН ТЫШКЫ БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Критерийлери | Шайкештиктин индикаторлору (көрсөткүчү) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Шайкеш келбейт | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келет |
| | | ***1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты*** | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун так түзүлгөн жана кабыл алынган миссиясынын болушу, анын негизинде иштелип чыккан жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болушу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларынын болушу. | Билим берүү уюмунун миссиясы эч жерде көрсөтүлгөн эмес. Учурдагы пландар түзүлгөнү менен билим берүү уюмунун стратегиялык планы жок. | Билим берүү уюмунун миссиясы билим берүү уюмунун уставында жана /же бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана аларга жетүү планы иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. Билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн стратегиялык пландарын талкуулоо жана макулдашуу процессине эч кандай далил жок. Учурдагы пландар стратегиялык максаттарга дал келбейт. Максаттарга жетүүгө мониторинг (талдоо) жүргүзүү жана баалоо механизмдери жок. | Билим берүү уюмунун миссиясы билим берүү уюмунун уставында жана бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн. Стратегиялык максаттар жана индикаторлор, ошондой эле аларга жетүү планы да иштелип чыккан. Стратегиялык максаттар билим берүүнүн сапатына жетишүүгө багытталган. Билим берүү программасынын максаттары жана өнүгүү пландары кызыкдар тараптар менен талкууланды. Стратегиялык пландарды деталдаштыруу жыл сайын учурдагы пландарда көрсөтүлгөн. |
| 1.2. | Стратегиялык жана учурдагы пландардын аткарылышына, билим берүү максаттарына, окутуунун натыйжаларына жыл сайын мониторинг жүргүзүү, аткаруунун натыйжаларына талдоо жүргүзүү жана тийиштүү ондоолорду киргизүү. | Мониторинг жүргүзүү жол-жоболору, жыл сайын баалоо жана талдоо практикасы жок. | Билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору жана өнүгүү пландары бекитилди. Пландарды ишке ашырууну талдоо жана индикаторлор боюнча максаттарга жетүү, пландарды жана программаларды оңдоо практикасы тастыкталган эмес же жыл сайын боло бербейт. | Билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жол-жоболору, билим берүү уюмунун өнүгүү пландары бекитилген. Пландарды ишке ашырууну талдоо жана индикаторлор боюнча максаттарга жетүү практикасы жыл сайын жүргүзүлөт (уюмдун өзүн-өзү баалоосу), андан кийин пландарга жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | программаларга оңдоолор жүргүзүлөт. |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, окуучуларынын жана кызыкдар тараптардын катышуусу. | Механизмдер же маалыматтар жок. | Белгилүү бир гана жерге таандык документтерде сапатты камсыз кылууга кызыкдар тараптардын катышуу механизмдери иштелип чыккан. Ишке ашырууга, сапатты контролдоого, билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу боюнча чечимдерди кабыл алууга катышуунун далилдери жок же катышуу системасыз. | Кызыкдар тараптардын катышуусу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде билим берүү уюмунун чечимдерди кабыл алуу механизмдери иштелип чыккан жана бекитилген. |
| 1.4. | Сапатты башкаруу системасын документтештирүү аркылуу, билим берүүнүн сапатын камсыздоо системасын киргизүү. | Түзүмдөрү жок, алардын бар экендигинин жана ишинин далилдүү базасы жок. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга багытталган методикалык жана башкаруу түзүмдөрү иштейт, бирок сапатты башкаруу системасы документтештирилген эмес. | Билим берүү уюмунун сапатты башкаруу системасы (СБС) иштелип чыккан жана ырааттуу түрдө документтештирилген. Билим берүү уюмунун сапатын камсыз кылууда жана башкарууда түзүмдүк бөлүмдөрдүн ролу так аныкталган. |
| 1.5. | Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык | Сайт же маалымат жок. | Маалымат сайтка жайгаштырылган. | Маалыматтар үзгүлтүксүз жаңыланып турат жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү болгон миссиянын, стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүүнүн максаттарынын, окуу натыйжаларынын жана сапатты башкаруу системасынын болушу. | | | окуу жайдын сайтында жайгаштырылат. |
| 1.6. | Билим берүү уюмунун сапатты башкаруу системасын документтештирүү аркылуу сапатты камсыздоо системасын киргизүү үчүн жооптуу адамдарынын (кызматтарынын) болушу. | Аныкталган жок. | Окуу жайдын сапатты камсыздоо системасын киргизүүгө жооптуу адамдары (кызматтары) аныкталды. | Билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо системасын киргизүүгө жооптуу адамдары (кызматтары) аныкталып, алардын функционалдык милдеттери бекитилди. Түзүлүшү жөнүндө белгилүү бир гана жерге таандык (локалдык) акт бар. Жооптуу адамдардын ишинин натыйжаларына баа берилди. Жооптуу адамдардын (кызматтардын) иш планы бар. |
| | ***2. Адам ресурстарын башкаруу*** | | | |
| 2.1. | Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык билим берүү уюму тарабынан педагогикалык, окуу-көмөкчү персоналды жана кенже тейлөөчү персоналды ишке кабыл алууда (бошотууда) кызматы боюнча жогорулатууда ачык-айкын жана объективдүү критерийлерди пайдалануу; | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды жана кенже тейлөөчү персоналды ишке алуу жол-жоболору эмгек мыйзамдарына каршы келбейт. Башка маалыматтар берилген эмес же натыйжалуу практика жок. | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды жана кенже тейлөөчү персоналды ишке алуу жол-жоболору эмгек мыйзамдарына каршы келбейт. Кадрлар боюнча сапаттык жана сандык маалыматтар берилген. Ишмердүүлүктү баалоо, стимулдаштыруу (дем берүү) жана карьералык өсүү системасы сүрөттөлгөн эмес | Инженердик-педагогикалык кадрларды, окуу-көмөкчү персоналды жана кенже тейлөөчү персоналды ишке алуу жол-жоболору эмгек мыйзамдарына каршы келбейт, кызматкерлер тарабынан доомattары жок. Алардын ишмердүүлүгүн, стимулдарын жана карьералык өсүүсүн баалоо жол-жоболору жана |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | же жетиштүү натыйжалуу эмес. | критерийлери бекитилген. Кадрлар боюнча сапаттык жана сандык маалыматтар берилген. |
| 2.2. | Билим берүү уюму тарабынан мугалимдерди тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн шарттардын түзүлүшү. | Билим берүү уюмунда эч кандай шарт жок. | Окуу жайда мугалимдерди тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн айрым шарттар түзүлгөн, бирок профессионалдык өнүгүү жана изилдөө үчүн жетишсиз. | Окуу жайда мугалимдерди тандоо, мотивациялоо жана бекемдөө үчүн шарттар түзүлгөн, жана ошондой эле белгилүү бир гана жерге таандык (локалдык) акт жана бул жол-жоболор үчүн бардык ресурстар бар. Талдоо жана жакшыртуу жыл сайын жүргүзүлөт. |
| 2.3. | Өз ишмердүүлүгүндөгү акыркы өзгөрүүлөр жөнүндө профессионалдык өнүгүүгө көмөктөшүүгө жана дайыма кабардар болууга мүмкүндүк берген педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу системасынын болушу. | Квалификацияны жогорулатуу системалуу жана уюштурулган процесс эмес. | Педагогдордун квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу системасы бекитилген жана колдонууда:<br>- жыл сайын педагогдордун 20% дан кем эмеси (100% - беш жылдын ичинде) өз квалификациясын билим берүү уюмдарынан тышкары, аралыктан окутууну кошкондо курстарда, семинарларда, тренингдерде жогорулатышат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат. | Педагогдордун квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу системасы бекитилген жана колдонууда:<br>- окутууга болгон муктаждыктарды жыл сайын баалоо жүргүзүлөт;<br>- билим берүү уюмуна талдоонун негизинде профессионалдык өнүгүү боюнча пландар түзүлөт (билим берүү уюмунун стратегиялык жана жылдык планынын бөлүгү катары);<br>- педагогдор өздөрүнүн жеке профессионалдык өнүгүү пландарын иштеп чыгышат;<br>- жыл сайын педагогдордун 20% дан кем эмеси (100% - беш жылдын ичинде) өз квалификациясын билим берүү уюмдарынан |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | тышкары, аралыктан окутууну кошкондо курстарда, семинарларда, тренингдерде жогорулатышат;<br>- методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт;<br>- насаатчылык системасы бекитилген жана иштеп жатат;<br>- насаатчылар, методикалык бирикмелердин жетекчилери жана активдүү педагогдор сыйланат. |
| 2.4. | Инженердик-педагогикалык кадрларды билим берүүнүн инновациялык ыкмаларына жана технологияларына мезгил-мезгили менен окутуу үчүн шарттардын түзүлүшү. | Маалымат жок. | Окутуучулар арасында методикалык колдоо жана тажрыйба алмашуу системасы уюштурулган. Окутуунун планы бар. План толук аткарылган эмес. Окутуу үчүн ресурстар жетишсиз. | Билим берүү уюмунун деңгээлинде окутуучуларды билим берүүнүн инновациялык ыкмаларына жана технологияларына окутушат, методикалык камсыздоо системасы уюштурулат. Акыркы 5 жылда оң динамика байкалды. Окуу жайдан тышкары, аралыктан окутууну кошкондо курстарда, семинарларда, тренингдерде квалификацияны жогорулатуу сыйланат. |
| ***3. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар*** | | | | |
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун | Эч кандай талдоо берилген эмес же талдоо камсыздоонун алсыздыгын жана аны | Материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар программанын талаптарына | Материалдык-техникалык база жана маалыматтык ресурстар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал, акт залы, мастерскойлор, полигон), ошондой эле жатаканалардын болушу, тиешелүү жашоо шарттары менен болуусу . | жакшыртуу боюнча чаралардын жоктугун көрсөтүп турат. | жана окуучулардын керектөөлөрүнө ылайык келиши талданат. | программанын талаптарына жана окуучулардын керектөөлөрүнө, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга да ылайык келиши талданат. Жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүп жатат, беш жылдан бери жакшыруу бар. |
| 3.2. | Билим берүү уюмунун имараттарынын санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге, өрткө каршы коопсуздуктун, ошондой эле эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун талаптарына ылайык келиши. | Санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге, өрткө каршы коопсуздуктукка, ошондой эле эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун талаптарына ылайык келген жок. Тиешелүү органдардан эч кандай (же мөөнөтү өтүп кеткен) корутундусу жок. | – | Окуу-материалдык базанын (жабдылышы жана көрктөндүрүү) санитардык-эпидемиологиялык кызматынын, ӨКМдин, экологиялык-техникалык инспекциянын талаптарына ылайыктуулугу тастыкталды. |
| 3.3. | Китепкана жана окуу залында иштөө үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылуу. | Китепкана билим берүү уюмунун керектөөлөрүн камсыз кылбайт, орундардын жана китепкана фонддорунун саны чектелүү. Окуу залдарында иштөө үчүн шарттар жок. | Аянты, китепкананын окуу жана көркөм фонддорунун саны, окуу залындагы орундуктардын саны окуучулардын керектөөлөрүн камсыз кылат. Окуучуларды жана кызматкерлерди тейлөөнүн заманбап ыкмалары жок. | Аянты, китепкананын окуу жана көркөм фонддорунун саны, окуу залындагы орундуктардын саны окуучулардын керектөөлөрүн камсыз кылат, китепканада электрондук китепкана, компьютер жана интернет бар, китепкана фонду жыл сайын 10% га чейин жаңыланып турат. |
| 3.4. | Билим берүү уюмунун тамактануу үчүн (ашкана же буфет бар болсо), ошондой эле медпунктунда | Тамактануу үчүн жана медициналык жардам көрсөтүү үчүн шарттар жок же алардын сапаты төмөн. | Тамактануу үчүн (орун саны жана тейлөө сапаты боюнча), же медициналык жардам көрсөтүү үчүн шарттар бар. | Тамактануу үчүн (орун саны жана тейлөө сапаты боюнча), ошондой эле билим берүү уюмунун |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | медициналык жардам көрсөтүү үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылуу. | | | медпунктунда медициналык жардам көрсөтүү үчүн шарттар бар. |
| ***4. Финансылык ресурстарды пландаштыруу жана башкаруу*** | | | | |
| 4.1. | Билим берүү уюмунун финансылык ресурстары билим берүүнүн сапатын камсыз кылууга жана жетишилген деңгээлде колдоо көрсөтүү үчүн жетиштүү. | Стратегиялык жана учурдагы пландарда финансылык маселелер каралган эмес. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу үчүн билим берүү уюмунун финансылык ресурстары стратегиялык жана учурдагы пландарда пландаштырылган. Финансылык туруксуздук байкалат. | Акыркы 5 жылда финансылык ресурстардын көрсөткүчтөрүндө оң динамика байкалды жана алар туруктуу. Дайыма мониторинг жана жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алуу жүргүзүлөт. |
| 4.2. | Окуучуларга, окутуучуларга жана окуу-көмөкчү персоналдарга финансылык жардам көрсөтүү так белгиленген максаттарга, милдеттерге ылайык жүргүзүлөт. Окуучуларга, окутуучуларга жана окуу-көмөкчү персоналдарга окуучулардын, окутуучулардын курамынын жана билим берүү уюмунун ортосундагы өз ара мамилелерге байланышкан бардык финансылык маселелер боюнча өз убагында жана толук маалымат берилиши. | Финансылык жардам көрсөтүлгөн эмес. Бардык финансылык маселелер боюнча маалымат жок. | Финансылык жардам жарым-жартылай жүргүзүлөт. Финансылык маселелер боюнча маалымат кызыкдар тараптарга жеткиликтүү эмес.<br><br>Финансылык жардам көрсөтүү боюнча ченемдик документтер жана аларды ишке ашыруунун натыйжалары кызыккан тараптарга жеткиликтүү. | Окуучуларга жана окуу жайдын кызматкерлеринин бардык категорияларына финансылык жардам көрсөтүү боюнча туруктуу иштеген система жана жакшы практика бар. Бул критерий боюнча локалдык актылар иштелип чыккан жана күчүндө. Финансылык жардам көрсөтүү жөнүндө ченемдик документтер жана аларды ишке ашыруунун натыйжалары кызыкдар тараптарга жеткиликтүү. |
| 4.3. | Билим берүү уюму пландаштыруунун натыйжалуулугун, финансылык каражаттарды башкарууну кепилдеген технологияларды колдонот. Билим берүү уюмунун | Технология жок. Анализ жүргүзүлбөйт. | Финансылык каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугунун терс динамикасы. | Билим берүү уюмунда финансылык каражаттарды башкаруунун, пландоонун натыйжалуулугун кепилдөөчү жаңы технологиялар |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | бюджетин бөлүштүрүү болгон материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган керектөөлөрдү баалоого жана талдоого негизделиши. | | | киргизилген жана колдонулат. Бюджетти бөлүштүрүү болгон материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган керектөөлөрдү баалоого жана талдоого негизделет. |
| 4.4. | Билим берүү уюму финансыны башкарууда ачыктыкты жана айкындыкты, рационалдуу финансылык башкарууну, бюджетти негиздүү түзүүнү, тобокелдиктерди баалоонун жана контролдоонун ички механизмдерин кепилдиги. | Билим берүү уюмунун финансылык иши ачык-айкын эмес, тобокелдиктерди баалоо жана контролдоо механизмдери жок. | Билим берүү уюмунун финансылык иши жарым-жартылай ачык-айкын. Тобокелдиктерди баалоо жана контролдоо механизмдери натыйжалуу эмес. | Билим берүү уюмунун финансылык иши ачык-айкын, рационалдуу, бюджетти түзүү негиздүү, тобокелдиктерди баалоонун жана ички контролдун механизмдери бар. |
| 4.5. | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалына баа берүүдө ички жана тышкы механизмдерине ээ болушу. Билим берүү уюму финансылык аудиттен үзгүлтүксүз өтүп турушу. | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалына баа берүүдө ички жана тышкы механизмдерине ээ эмес. Билим берүү уюму финансылык аудиттен өткөн эмес. | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалына баа берүүдө ички жана тышкы механизмдерине ээ. Билим берүү уюму финансылык аудиттен үзгүлтүксүз өткөрүлбөйт. | Билим берүү уюму өзүнүн финансылык абалына баа берүүдө ички жана тышкы механизмдерине ээ. Билим берүү уюму финансылык аудиттен үзгүлтүксүз негизде өтүп турат. |
| 4.6. | Билим берүү уюму финансылык кызматкерлердин квалификациялуу штатына ээ, алардын функционалдык милдеттери билим берүү уюмунун уюштуруу түзүмүндө так аныкталган. | Финансылык кызматкерлердин квалификациясы ээлеген кызматтарына ылайык келбейт. | Финансылык кызматкерлердин квалификациясы ээлеген кызматтарына ылайык келет. Финансы кызматкерлеринин иш тажрыйбасы жана алардын кызматтык нускамалары бар. | Финансылык кызматкерлердин квалификациясы ээлеген кызматтарына ылайык келет. Финансылык кызматтардын ишин жөнгө салуучу локалдуу ченемдик актылар бар, финансы кызматкерлери квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ***5. Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү*** | | | | |
| 5.1. | Билим берүү уюму тарабынан өзүнүн билим берүү максаттарын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, жалпылоо жана сактоо:<br>- окуучулардын контингенти (саны) тууралуу маалымат;<br>- окуучулардын сабакка катышуусу жана окуудагы жетишүүлөрү, жетишкендиктери жана окууну таштап кеткендер жөнүндө маалыматтар,<br>- окуучулардын, алардын ата-энелеринин, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу;<br>- материалдык жана маалыматтык ресурстардын жеткиликтүүлүгү;<br>- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу. | Билим берүү уюму уюмдун иши жөнүндө өзүнчө маалыматтарга ээ. Отчетторду түзүүдө маалыматтарды талдоо жүргүзүлгөн эмес. | Билим берүү уюму маалыматтардын жарым-жартылай электрондук маалыматтык системасына ээ. Билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча жыл сайын пландаштыруу үчүн маалыматтар чогултулат, сакталат, талданат.<br>Билим берүү уюмунун натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн системасы стратегиялык өнүгүү планында чагылдырылган. | Билим берүү уюму маалыматтардын электрондук маалыматтык системасына ээ. Маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, киргизүү жана талдоо үчүн жооптуу адамдар бар. Билим берүү уюмунун жыл сайын өзүн-өзү баалоосу жана билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча пландаштыруу үчүн маалыматтар чогултулат, сакталат, талданат. Билим берүү уюмунун натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн системасы стратегиялык өнүгүү планында чагылдырылган. Ата-энелердин, окуучулардын муктаждыктарын канааттандырууну баалоо үчүн сурамжылоолор, контингенти (саны), жетишкендиктердин көрсөткүчтөрү жана башкалар жөнүндө сандык маалыматтар колдонулат. |
| 5.2. | Билим берүү уюмун коомчулукка туруктуу негизде өзүнүн иши жөнүндө маалымат берүү, анын ичинде:<br>- миссиясы;<br>- билим берүү максаттары; | Маалымат каналдары жок же алар колдонулбайт\эч кандай маалымат жаңыртылбайт.<br><br>. | Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, билим берүү уюмунун сайты, талкуулоо жол-жоболору жана муктаждыктарды баалоо бар. | Билим берүү уюмунун өзүнүн коммуникация стратегиясы бар жана аны ырааттуу ишке ашырат. Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, билим берүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - ыйгарылуучу квалификация;<br>- окуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;<br>- баалоо процедуралары;<br>- окуучуларга берилген өтүү баллдары жана окуу мүмкүнчүлүктөрү;<br>- бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат. | | | уюмунун сайты, талкуулоо жол-жоболору жана муктаждыктарды баалоо бар. |
| 5.3. | Коомчулукка маалымат берүү үчүн билим берүү уюмунун өз сайтын жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонуусу. | Маалымат каналдары жок же алар колдонулбайт\эч кандай маалымат жаңыртылбайт. | Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, ЖМК колдонулат, билим берүү уюмунун сайты бар, бирок маалымат дайыма жаңыртылып турбайт. | Коомчулукка маалымдоо көп каналдуу, ЖМК колдонулат, билим берүү уюмунун жаңыртылган сайты бар, маалыматтын өз убагында жана толуктугу үчүн жооптуу адам аныкталды. |

## Институционалдык аккредитациялоодо минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынды таблица

| № | Минималдуу талаптар | Бардык критерийлер | Шайкеш келет | Жарым-жартылай шайкеш келет | Шайкеш келбейт | Аткарылууда/ аткарылбай жатат |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты | 6 | 3 | 2 | 1 | Аткарылууда |
| 2 | Адам ресурстарын башкаруу | 4 | 1 | 1 | 2 | Аткарылбай жатат |
| 3 | Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстар | 4 | 2 | 2 | 0 | Аткарылууда |
| 4 | Финансылык ресурстарды пландаштыруу жана башкаруу | 6 | 3 | 2 | 1 | Аткарылууда |
| 5 | Маалыматты башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү | 3 | 1 | 1 | 1 | Аткарылууда |